Тенир Тоо
16-МАЙ
2019-ЖЫЛ
e-mail: tenirtoo@mail.ru

Мамлекеттик жана коомдук ишмер Турдакун Усубалиевдин 100 жылдык юбилейине карата



# Улуттун уулу

**“ Дүйнө уюткусу – жакшы адамдар”**

**(элдики)**

*“Баары өтөт, күм-жам болот,*
*калат жалгыз*
*Жакшы атак, жакшы иш гана урата алгыс”*
-деп, 11-кылымда жашап өткөн, кыргыз жеринен чыккан кеменгер ойчул Жусуп Баласагын “Кут эдгү билиг” дастанында жазган. Ошондой урабас жакшы атактын ээси. Кыр-

үчүн өмүрүн арнаган, мамлекеттин тарыхын түзүүчү чыныгы улуттун уулу болду.

Улуу жетекчинин эли үчүн жасаган иштеринин бир үзүмү - көзүбүз көрүп турган борборубуз Фрунзени чоң кыштак кейпинен накта жаркыраган борбор шаарга айландыргандыгы жогорку жана орто муундун эсинде. Ошол себептен да улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов Турдакун Усубалиевичти “Фрунзе шаарынын чыныгы башкы архитектору” деп бекеринен атаган эместир.

Улуу инсандын 90-жылдыгына карата 2009-жылдын октябрь айында райондук “Эмгек Туусу” гезитинин №34 санына “Эсен жүр улуу кеменгер” деп, бир топ саптан турган ыр арнагам. Ырдын акыркы саптарынан:

*Жашоо деңгээл көтөрүлүп кыргызда,*
*Жарык күн да мээрим төккөн кыргызга.*
*Бардык тармак өсүп-өнүп дүркүрөп,*
*Баскычыбыз жакындаган жылдызга.*

*Калыстыкта эл башкарган акылман,*

йиктик, эмне деген жөнөкөйлүк!!! Ошентип, ал күнку кубанычым өзгөчө кубаныч болду.

“Элибизге терең ыраазымын” китебинин 150-151-бетинде бир кездеги Жогорку Кеңештин сессиясында сүйлөгөн сөзүндө “25 жыл иштеп, 25 тыйын жегеним жок” деген. Ал тургай, жарык көргөн китеп, макалалардын калем акысы өкмөттүн пайдасына жумшалганы да жазылган. Китепти окуп отуруп эл үчүн өмүрүн арнап таза иштеген инсан, кыргыз элибизде дагы кайталанаар бекен деген ойго чөмүлдүм. Кубанганымдан “Китеп алдым падыша колу коюлган” деп ыр чыгардым.

1980-жылдын июль айынын аяк чени. Өзүм иштеген мекемеде көп жылдан бери баштапкы партиялык уюмдун катчысымын. 2-август күнү Бишкекте өтчү чогулушка чакырылып, Кочкордон эки автобус адам бардык. Бул чогулуш Турдакун Усубалиевичтин демилгеси астында республикалык деңгээлде уюштурулуп, баштапкы партиялык уюмдун катчылары менен өткөрүлгөн менин

эле” деп жазган.

1985-жылдагы Кыргызстан КП БКнын ноябрь Пленумунда Турдакун Усубалиевичтин 25 жылдык эмгеги жогору бааланып, ардактуу эс алууга кетип бара жаткандыгы басма сөздөрдө жарыяланат.

“Борошосуз бороон болбойт” деп, 1986-жылы Москванын бийлик башындагылары Турдакун Усубалиевичти баш кылып, жана ал киши тарбиялаган кыргызстандын бир топ мыкты кадрларын иштен алып куугунтукташат. Алардын башкы максаты – Турдакун Усубалиевичти күнөөлөдө эле. Бирок аксакал беш жыл кармашып, чындыкка жеткен. Ал кишинин жазган түшүнүгү 450 беттен туруп, жалаң фактылар менен берилген. Орус элинин акыны жана коомдук ишмери А. Твардовский “Өз өмүрүн баяндап жазуу, адамга ошол өмүрдү сүргөндөн оңой түшпөйт” деген. Турдакун Усубалиевич билимдүү, кайраттуу, эмгекчил, чыдамкайлыгынан ошол көлөмдүү түшүнүктү жазып бүткөн эмеспи.

*калат жалгыз*
*Жакшы атак, жакшы иш гана урата алгыс"*
-деп, 11-кылымда жашап өткөн, кыргыз жеринен чыккан кеменгер ойчул Жусуп Баласагын "Кут эдгү билиг" дастанында жазган. Ошондой урабас жакшы атактын ээси, Кыргызстанды 25 жыл акылмандык, кыраакылык, калыстык менен башкарып, тарыхка өчпөс из калтырган улуу инсаныбыз, көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Турдакун Усубалиевичтин 100 жылдык маарекесин белгилөөнүн алдында турабыз.

Турдакун Усубалиевичтин өмүрдөгү басып өткөн жолун өз деңгээлинде анын замандаштары, көп жашап, көптү көрүшкөн коомдук ишмерлер жана сөз кудуретине ээ, калеми курч, тажрыйбасы мол адамдар жазып келишти жана жазышууда. Ал эми биз сыяктуу жердештеринен улуу инсандын эмгегин эскерип, ар ким өз дареметине жараша элге маалымдаганы ашыкча болбос.

Жыйырма беш жыл мамлекетти башкаруу айтканга оңой, түшүнгөнгө бир өмүр.

- Ушул кызматка келгенге чейин "Улуу державанын" саясий штабында он жыл эмгектендим. Бул жылдар эч качан унутулбайт жана менин өмүрүмдө эң чоң ролду ойноду –деген Турдакун Усубалиевич. Ал ВКП(б) БКнын пропаганда жана агитация башкармасында инструктор болуп иштеп, Орто Азия менен Казакстан Республикаларынын басма сөз органдарын тейлеген. Ошентип, Турдакун Усубалиевич чоң державадан көп тажрыйба топтоп, такшалып келген.

Чейрек кылым аралыкта Кыргызстандын жаркыраган тарыхын Турдакун Усубалиевич өзү жасап, ал тарыхты 10 томдук эмгек кылып жазгандыгы үчүн ардактуу академик, профессор наамдары ыйгарылган.

Турдакун Усубалиевич Кыргызстанды ар тараптан өркүндөтүүгө болгон күч-аракетин жумшап, жоопкерчиликти жогору сезип, көп улуттун биримдигин бекемдеп, кыргызстандыктардын жыргалчылыгы

*Жашоо деңгээл көтөрүлүп кыргызда,*
*Жарык күн да мээрим төккөн кыргызга.*
*Бардык тармак өсүп-өнүп дүркүрөп,*
*Баскычыбыз жакындаган жылдызга.*

*Калыстыкта эл башкарган акылман,*
*Эмгек, жөндөм айкалышкан башынан.*
*Сейрек келчү бир берилген белекти,*
*Сыйлап алсак жүрөк менен жакындан.*

*Бар болуңуз улуу көсөм чоң ишмер,*
*Урматташат өмүр бою кыргыз эл.*
*Кыраакылык, адамдыгы сакталган,*
*Кылым жашап, эсен жүрчү кеменгер!*

Бул ыр чыккан гезитти жаңы эле үйгө алып келишип, столдун үстүндө турган. Мен бир аз ноокастап жаткам. Аңгыча шаарда дарыгер болуп иштеген бир тууган сиңдим Элмира теңтуш кызы менен келип калды. Конок кыздын аты Аида экен. Аида столдун үстүндөгү гезиттен Турдакун Усубалиевичтин сүрөтүн көрө коюп, ырды окуп калды. Окуп бүтүп, "Эже мен Турдакун Усубалиевичтин үйүндө жумушчу кабинетин тейлейм. Бул гезитти Турдакун Усубалиевичке ала кетсем болобу? Өзүнө арнап, айыл элинин жазган ырын окусун." Аида, мен жазган жупуну төрт сап ыр Турдакун Усубалиевичтин колуна тийсе кана деп, сүйүнүп кеттим. Кыздар гезитти шаарга алып кетишти. Арадан убакыт өтүп, Элмира кийинки жылы келди. Сумкасын ачып, ичинен эки китеп алып чыгып, "Эжеке, Турдакун Усубалиевич сизге ырахмат айтып, эки китебин берип жиберди" деп, китептерди мага сунду. Бирөө, "Краткий отчет перед народом кыргызстана"(Бишкек-2009) экинчиси, "Элибизге терең ыраазымын" (Бишкек-2010). Экинчи китептин ички бетине менин ысмым жазылып колун коюптур. Бул жерден Турдакун Усубалиевичтин карапайым калкка көңүл бөлгөндүгүн көрүп, мага ыраазычылыгын китеби аркылуу билгизди деп кабыл алдым. Ошондой эле менин ысмымдын алдына "Урматтуу" деген сөздү кошкону эмне деген би-

2-август күнү Бишкекте өтчү чогулушка чакырылып, Кочкордон эки автобус адам бардык. Бул чогулуш Турдакун Усубалиевичтин демилгеси астында республикалык деңгээлде уюштурулуп, баштапкы партиялык уюмдун катчылары менен өткөрүлгөн менин билишимче биринчи жана акыркы чогулуш. Чогулуштан келгенден кийин көпкө таасирленип, баштапкы партиялык уюмдун ишин мурункудан да жакшыртып иштөөгө багыт алдым.

Турдакун Усубалиевич төртүнчү атасы (Усубаалы-Кененсары-Күнтууган-Калыгул) олуя, улуу философ, акын Калыгулдун жолун жолдоп, анын

*"Ырыс алды ынтымак,*
*Ынтымагың жок болсо,*
*Алдыңдан таяр алтын так"*

деп, айтып калтырганын туу тутуп, элибиздин биримдигин, ынтымагын көздүн карегиндей сактап, өзүнө ишенип сунуш кылынган Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы кызматын жогорку жоопкерчилик, намыскөйлүк менен так аткаргандыгы үчүн Кыргызстанды 25 жыл жетектеди.

Ал учурда "бардыгын кадрлар чечет" деген ураан бар эле. Турдакун Усубалиевичтин кадр маселесине өтө аяр мамиле жасаганына карабастан жердештерин жогорку кызматтарга көтөрүүдө деген кинелер коюлуп жүргөн. Чындыгында андай эместиги тууралуу Турдакун Усубалиевич фактыларга таянып, "Свободные горы" газетасынын кабарчысына берген интервьюсунда толук жана ачык жооп берген. Тескерисинче, "туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок" деген кыргыз элинин акылман макалын эске алуу менен иш жүргүзгөн. Өзүнүн эмгектеринин биринчи томунда: "Мен өзүмдүн жердештеримдин алдында кандайдыр бир өлчөмдө "күнөөлүүмүн". Бирок, булардын баары биздин элибиздин кызыкчылыгы үчүн жасалган. Учурга жараша айта кетейин, бул макал-лакапты азыркы бийлик башында тургандар пайдаланса жакшы болоор

мери А. Твардовский "Өз өмүрүн баяндап жазуу, адамга ошол өмүрдү сүргөндөн оңой түшпөйт" деген. Турдакун Усубалиевич билимдүү, кайраттуу, эмгекчил, чыдамкайлыгынан ошол көлөмдүү түшүнүктү жазып бүткөн эмеспи.

Ал кездеги чоң державанын бийлик башында тургандар Турдакун Усубалиевичтин тагдыры менен ойногондору, алардын өмүрдөгү чоң кемчиликтери болгон. Улуу инсан бул боюнча "Моя честная работа спасла меня от моих врагов" деп айткан сөзү "Элиме терең ыраазымын" китебинин 219-бетинде берилген. Ошентип ак ийилип, сынган эмес.

Турдакун Усубалиевич өз тагдырына ыраазы болуп жашап өттү. Ал Кыргыз Республикасынын Баатыры. Көп жолу Жогорку Кеңешке депутат болуп шайланып, эл ишенимине ээ болду. Бийлик башында турганда башкалар сыяктуу уудай болуп көбүрүп-жабырган дүнүйөгө, байлыкка, мансапка жетелетпеди. Сакадай бою сары алтын жердешибиз тунук акылы менен таза иштегендиги үчүн нечен ааламаттан нускасын бузбай, адамдыгын сактап өтүп, жогорку деңгээлдеги маданияттуулугу, ошондой эле мамлекетти башкаруу ыкымын терең билгендиги менен эсте калды.

Көп улуттан турган мамлекетти калыстык менен чейрек кылым башкарып, үлгүлүү өмүр сүрүп өткөн улуттун уулуна улут[illegible] уулундай урмат-сый көрсөтүшүбүз керек жана аны эскерип туруу ар бир кыргызстандыктын атуулдук парзы, кийинки муунга өрнөк.



**Калиман КАДЫБАЕВА,**
**КРнын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, Эмгектин ардагери, Нарын облусунун ардактуу атуулу.**